Кыргыз Республикасынын Салык кодексин ишке киргизүү жөнүндөгү мыйзамынын 3-беренесинин талаптарын ылайык Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-жыл үчүн таштандыларды чыгаруу жыйымдардын өлчөмү ар бир кожолукка 150 сомго ошондой эле мекеме ишканаларда иштеген кызматкерлерге 150 сомго жана айыл чарба эмес багытындагы жер салыгынын зоналдык коэфицентин 1,2ге калтырууну карап чыгып Т. Зулпуев атындагы айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагында 2025-жылдын таштандыларды чыгаруу жыйымдардын өлчөмү ар бир кожолукка 150 сомго ошондой эле мекеме ишканаларда иштеген кызматкерлерге 150 сомго жана жер салыгынын зоналдык коэфицентин 1,2ге бекитилип берилсин.
2. 2025-жылдын 27-январынан тартып салыктардын аткарылышын мыйзамга ылайык иш алып баруу Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун Т. Зулпуев айылдык кенешинин “Экономика, бюджет , энергетика, ишмердүүлүк жана кайра иштетүү боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br><br>**“Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br><br>**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т. ЗУЛПУЕВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”** |

---

**Ош облусунун Ноокат районунун “Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекмемесинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясынын**

**№ 5-3 ТОКТОМУ**

**24-январь 2025-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн тургундарына турак жай куруу үчүн жер участокторунун өлчөмүн бекитип берүү жөнүндө**

Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин 2025-жылдын 17-январындагы №01-19/91чыгыш сандуу катына негиз Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алып Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн тургундарына турак-жай куруу үчүн жер участокторун өлчөмү сугат айдоо жер аянтынан 600,0 чарчы метр жана кайрак айдоо жерден 800,0 чарчы метр деп белгиленсин.
2. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчиликке алууну Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин Жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**"Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т. ЗУЛПУЕВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"**

---

**Ош облусунун Ноокат районунун "Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекмемесинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясынын**

## № 5-4 ТОКТОМУ

**24-январь 2025-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы жайытка баруучу мал жандыктарынын мал башына төлөнүүчү жайыт акысын өлчөмүн бекитип берүү жөнүндө**

Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин сессиясында айтылган сунуштарды угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндөгү мыйзамынын" 10-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы жайытка баруучу малдарга төмөндөгүдөй өлчөмдөрү бекитилип берилсин.
1.Кара Мал сезонго -140 сом айына 20 сом
2.Жылкыга сезонго -140 сом айына 20 сом
3.Эчкилерге сезонго -140 сом айына 20 сом
4.Койлорго сезонго -84 сом айына 12 сом
2.Айыл аймагынан сырт жактан келген малдар үчүн үч эсселенген сумма болуп төмөндөгүдөй өлчөмдө акы төлөө бекитилсин.
1.Кара Мал сезонго - 420 сом айына 60 сом
2.Жылкыга сезонго - 420 сом айына 60 сом
3.Эчкилерге сезонго - 420 сом айына 60 сом
4.Койлорго сезонго - 252 сом айына 36 сом болуп бекитилсин.
3.Бекитилген өлчөмдөгү төлөмдөрдү жыйноо аны туура пайдалануу менен калк арасында түшүндүрүү иштерин жакшыртуу жагы "Кыркол" таза суу муниципалдык ишканасынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин адиси Арапов Азиреталиге милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Бакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br><br>**“Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br><br>**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т. ЗУЛПУЕВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”** |

**Ош облусунун Ноокат районунун “Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясынын**

**№ 5-5 ТОКТОМУ**

**24-январь 2025-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагында жайыт ресуртарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу жөнүндө**

Т.Зулпуев атындагы айыл аймагынын “Кыркол” таза суу муниципалдык ишканасынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин адиси А.Арапов мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу үчүн гектарына жайыт акысын бекитип берүү жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндөгү мыйзамынын” 3-1-беренесин 3-бөлүгүнө жана 6-беренесинин 5 бөлүгүнө негизинде Т.Зулпуев атындагы айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга убактылуу пайдаланууга төмөндөгүдөй өлчөмдө жайыт акы төлөө өлчөмдөрү бекитип берилсин.
2. Бак дарактар гектарына бир жылына жайыт акысы 1500 сом Чөп чабынды жер бир гектарына бир жылга жайыт акысы 2500 сомдон 3000 сом болуп бекитилип берилсин. Бекитилген өлчөмдөгү төлөмдөрдү жыйноо аны туура пайдалануу менен калк арасында түшүндүрүү иштерин жакшыртуу жагы “Кыркол” таза суу муниципалдык ишканасынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин адиси Арапов Азиреталиге милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Тажибаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**"Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т. ЗУЛПУЕВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"**

---

**Ош облусунун Ноокат районунун "Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясынын**

**№ 5-6 ТОКТОМУ**

**24-январь 2025-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2024-жылга карата божомол бюджетин бекитүү жөнүндө**

Т.Зулпуев айыл аймагынын айылдык кенеши мекемесинин сессиясында айтылган сунуштарды угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндөгү" мыйзамынын 4-беренесинин 3 пунктуна ылайык Т.Зулпуев айыл аймагынын айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2025-жылга карата өндүрүүмдүүлүгүн түзгөн жайыт акысы 766 600 (жети жүз алтымыш алты миң алты жүз) сом болуп бекитилсин. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин чыгаша бөлүгүн 766 600 (жети жүз алтымыш алты миң алты жүз) сом болуп бекитилсин. Жайыт пайдалануучулар бирикмесине жайыт акысына төгүлгөн акча каражаты кайрадан толугу менен кайтарып берилсин.
(№1 тиркеме тиркелет).
2. 2025-жылга карата кабыл алынган бюджеттин аткарылышын максаттуу пайдалануу жагы "Кыркол" таза суу муниципалдык ишканасынын жетекчиси Т. Юсуповго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенештин "Экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк, кайра иштетүү боюнча" боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**“Т.Зулпуев айыл аймагыны айылдык кенеши” мекемесинин 8-чакырылышынын бешинчи сессиясынын № 5-6 токтомуна**
**№ 1 тиркеме**

Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2025-жылга болжолдуу кирешеси.

**(мин сом)**

| № | Киреше булактары | божомол |
|---|---|---|
| 1 | “Альфа телеком” уюлдук ишканасы | 240 000 |
| 2 | “Терра” уюлдук компаниясы | 96 000 |
| 3 | “Нур телеком” мобилдик станциясы | 120 000 |
| 4 | Жайытты кыйыр пайдалануучулар | 145 000 |
| 5 | Жайытка баруучу шарттуу мал башынан | 165 600 |
| Бардыгы: | | 766 600 |

Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2025-жылга болжолдуу чыгашасы.

| № | Чыгаша бөлүгү | божомол |
|---|---|---|
| 1 | Эмгек акы | 424 500 |
| 2 | Соц.фондго чегерүү | 73 200 |
| 3 | Канцелярдык буюмдар | 4000 |
| 4 | Инфраструктура | 137 900 |
| 5 | Жана башка чыгымдары | 9000 |
| 6 | Жер салыгы | 118 000 |
| | Бардыгы: | 766 600 |

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br><br>**“Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br><br>**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т. ЗУЛПУЕВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”** |

**Ош облусунун Ноокат районунун “Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясынын**

**№ 5-7 ТОКТОМУ**

**24-январь 2025-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл аймагынын элинин ички тартип эрежелери жана кызмат көрсөтүү акыларынын тарифин бекитүү жөнүндө**

Т. Зулпуев аатындагы айыл аймагынын айыл элинин жалпы элдик чогулушунда кабыл алган ички тартип эрежелери жана кызмат көрсөтүү акыларынын тарифин бекитүү максатында Т.Зулпуев айыл аймагынын айылдык кенеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ички жайытка мал көчүү 10-апрелден 15-майына чейин, алыскы жайытка көчүү 20-майынан 5-июнга чейин, алыскы жайыттан көчүп келүү 1-сентябрдан эрте эмес мөөнөтү белгиленсин. Малчылар жана чабандар мал жандыктарын жайытына карап, ченем менен алуусу милдеттендирилсин.
2. 2025-жылдын 10-апрелден баштап дыйкандардын үлүш жерлерине кароолдорду уюштуруу жер ээлерине милдеттендирилсин.
3. Кароолдорду уюштурууга айыл өкмөтү көмөк көрсөтсүн.
4. Т. Зулпуев атындагы айыл аймагында 2025-жылдын 10-апрелинен баштап бада уюштурулсун.
5. Ички жайыттагы сарай ээлерине 1 ат 1-2чейин саан уй, 10 кой-эчкиден мал алып калууга уруксат берилсин.
6. 2025-жылдын 10-апрелинен баштап дыйкандардын үлүш жерлерине кароол уюштурулгандыгына байланыштуу, мал ээлери короосундагы малга көзөмөлдү күчөтсүн.
7. Камакка түшкөн мал жандыктарга жылкы - кара малга 1000(миң) сом, кой-эчкилерге 500 (беш жүз) сомдон айып пул салынсын.
8. Айыл тургундары үй тиричилигине керектүү малдан ашык мал алып алган, жайыттарга көчүрүү, конуу эрежелерин жана мөөнөттөрүн сактабаган малчыларга жана бада кайтаруу тартибин бузган жарандарга Кыргыз Республиксынын укук бузуулар жөнүндөгү кодексинде көрсөтүлгөн тартибине ылайык жоопко тартылаары эскертилсин.
9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана тиешелүү документтерди даярдап берүү менен укук бузууларды алдын алуу жагы, “Кыркол” таза суу муниципалдык ишканасынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин адиси А. Араповго жана айыл өкмөтүнүн алдындагы бузуулар жөнүндөгү комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**“Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т. ЗУЛПУЕВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

---

**Ош облусунун Ноокат районунун “Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясынын**

**№ 5-8 ТОКТОМУ**

**24-январь 2025-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев айыл аймагындагы логистикалык бобордy ижарага берүү жөнүндөгү жобону бекитип берүү**

“Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги логистикалык борборду сарамжалдуу пайдалануу максатында Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алып Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. “Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин” Айбек айылындагы АРИС тарабынан курулган логистикалык борборду айыл өкмөтүнүн муниципалдык балансына алуу, логистикалык борборду ижарага берүү боюнча Жобосун бекитүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын, документтерин даярдоо айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**“Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т. ЗУЛПУЕВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

---

**Ош облусунун Ноокат районунун “Т. Зулпуев айыл айиагынын айылдык кеңеши” мекемесинин сегизинчи чакырылышынын кезектеги бешинчи сессиясынын**

**№ 5-9 ТОКТОМУ**

**24-январь 2025-жыл** **Атамерек айылы**

**2025-2027-жылдарга карата Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик адмиинистрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүдө” мыйзамынын 34-39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңешинин, экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк жана кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Т. Зулпуев айыл аймагыны айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. 2025-2027-жылдарга карата Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы бекитилсин.
2. Программада камтылган иш-чарлардын аткарылышын камсыз кылуу жагы Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин башчысы Д. Тажибаевге тапшырылсын.
4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо “Т. Зулпуев айыл аймагыны айылдык кеңеши” мекемесинин экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк жана кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

**Төрага** **М. Бакиров**

**Ноокат районунун**
**Т.Зулпуев айыл аймагынын**
**СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК**
**ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ**

**"ӨНҮККӨН АЙЫЛ- ӨЛКӨНҮН ЖҮЗҮ**

# Т.Зулпуев айыл аймагынын 2024-2027 - жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы

| 1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ | |
|---|---|
| | |
| Географиялык абал | Т.Зулпуев айыл аймагы Ош облусунун чыгыш тарабындагы Ноокат районунда айыл жергенсинде жайгашкан. Аймак Араван районунун Дөң булак айылы жана Ноокат районунун Кеңеш, Исанов, Кыргыз-Ата, Мирмахмудов айыл өкмөттөрү менен чектешет. Айылдык аймактын борбору – Атамерек айылы.<br>Облустук борбордон алыстыгы 33 км. Борбордон алыстыгы 670 км.<br>Айыл аймагы 1991 - ж. уюштурулган.<br>Андан кийин жумушчу топтун каалоосу боюнча дагы мүнөздөмөлөрдү кошууга болот, бирок эки абзацтан ашпашы керек. |
| Жалпы аянты (Га) | 11745 га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Т. Зулпуев атындагы айыл аймагы Ош областынын Ноокат районунда жайгашкан. Борбор шаар Бишкекке чейин 670 км, облустун борбору Ош шаарына чейин 33 км, райондун борборуна чейин 3 км аралыкта жайгашкан.<br>Аймак деңиз деңгээлинен бийиктиги 1250 метр, климаты кескин континенталдуу болуп, Араван районунун Дөн-Булак айылы жана Ноокат районунун Кеңеш, Исанов, Кыргыз-Ата, Мирмахмудов айыл өкмөттөрү менен чектешет. |

| | |
|---|---|
| АА калкы (адам), аялдардын саны:<br>Анын ичинде (айылдарда): | 26350<br><br>Аялдар 12780 |
| айыл . Атамерек (АА борбору) | 2500 аял |
| с. Караке | 1802 |
| С.Айбек | 2359 |
| С.Кашкалдак | 3580 |
| С.Чүчүк | 2549 |
| С.Калдай | 2219 |
| С.Үч-Бай | 2635 |
| С. Жатан | 2305 |
| С.Өсөр | 2965 |
| С.Алмалык | 1400 |
| С. Ак-Чабуу | 728 |
| С.Таштак | 1079 |

| СЭӨПнын максаты | **ПРОГРАММАНЫН МАКСАТЫ**<br><br>**Үч жылдан кийин айылдык аймак төмөнкүдөй өзгөрөт:** Т. Зулпуев<br><br>айыл аймагынын экономикасы мал чарбасы, талаачылыкка багытталган, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен чакан ишканалар ачылган, жеке ишкерлердин экологиялык жактан таза айыл чарба өндүрүштөрү менен жогорку деңгээлде өнүккөн ички инфраструктурасы күчтүү айылдык аймакта жигердүү жаштар, чечим чыгарууга катышкан, аялдардын жигердуу катышуусу менен. Социалдык-коммуналдык инфратүзүм оңолот, айыл аймак жалпы тургундар, анын ичинде балдар, кыздар, жалгыз бой энелер, кары адамдар, аялуу катмардагы адамдар үчүн баардык шарты бар, жашоого ыңгайлуу, жагымдуу жана коопсуз айылдык аймакка айланат. Кенже куракттагы балдарды тарбиялоого ата-энелер активдүү катышат. Таза суу жана коммуникация менен камсыз болгон, билим берүү, маданият, спорт, саламаттыкты сактоодо көрсөтүлгөн кызматтардын сапаты жакшырган, санитардык жактан таза, көрктөндүрүлгөн, жашылдандырылган, ички жолдору жана көпүрөлөрү калыбына келтирилген, көчөлөргө түнкү жарыктар орнотулган айыл аймак болот. |
|---|---|

## 2-БӨЛҮМ. КАЛК

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| Категория | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 23810 | 24249 | 24722 | 26350 | 26850 | 27360 | 27879 |
| *Өсүш темпи %* | | 1,9 | 1,9 | 6,5 | 1,9 | 1,9 | 1,9 |
| анын ичинде аялдар | 11428 | 11639 | 11866 | 12648 | 12888 | 13603 | 13854 |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 13466 | 13710 | 13977 | 14221 | 14476 | 14737 | 15002 |
| *Өсүш темпи (%)* | | 1,8 | 1,9 | *1,7* | *1,8* | *1,8* | *1,8* |
| анын ичинде аялдар | 6794 | 6925 | 7060 | *7110* | *7238* | *7368* | *7501* |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | 673 | 826 | 921 | 1303 | 1178 | 1294 | 673 |
| Айыл чарба | 270 | 277 | 285 | 310 | 325 | 340 | 370 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өнөр жай | 10,0 | 10,5 | 11,0 | 11,7 | 12,3 | 12,0 | 13,5 |
| *Иштетүүчү* | *8,0* | 8,0 | 9,0 | 10,0 | *12,0* | 13,0 | 14,0 |
| *Электр энергиясы* | *10* | 13 | *13* | *14* | *17* | 20 | 27 |
| *Курулуш* | 30,0 | 102,0 | 108,0 | 402,0 | 200,0 | 250,0 | 250,0 |
| *Соода* | 280,0 | 340,0 | 400,0 | 450,0 | 500,0 | 540,0 | 580,0 |
| *Транспорт жана байланыш* | 45,0 | 50,0 | 60,0 | 65,0 | 68,0 | 70,0 | 72,0 |
| *Башка кызматтар* | 20,0 | 25,0 | 35,0 | 40,0 | 44,0 | 48,0 | 53,0 |
| *Калдыктарды кайра иштетүү* | - | - | - | - | - | - | - |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 2547 | 2400 | 2087 | 2020 | 1870 | 1725 | 1597 |
| *Өсүш темпи* | | -6 | -13 | -3,2 | -7,4 | -7,4 | -7,4 |
| анын ичинде аялдар | 956 | 930 | 860 | 820 | 795 | 770 | 720 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 900 | 791 | *805* | *871* | *844* | *817* | 791 |
| *Өсүш темпи* | | *-12* | *1,7* | *8,1* | *-3* | *-3* | *-3* |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 2547 | 2400 | 2087 | 2020 | 1956 | 1894 | 1833 |
| *Өсүш темпи (%)* | | -5,7 | -13 | -3,2 | -3,2 | -3,2 | -3,2 |

## 2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо

2024-жылы жалпы калктын саны 26350 адам, 2021-жыл менен салыштырмалуу 1,9 % өсүүдө, 2027 -жылга чейин өсүш темп менен санаганда 27879 адамга чейин өсөт деп план коюлууда..

*№1 -диграмма*




*2024-жылы жакырчылыкта болгон кожолоктурадын саны 763 болууда, 202-жыл салыштырганда 1085 , 322 кожолука азайыптыр, анткени өкмөт тарабынан социалдык контракт берилип жатат. 2027 -жылга чейин 585 кожолука кыскарылат деп план коюлуп жатат.*

*№ 2-диаграмма*




*Миграция боюнча 2024 -жылы 2020 адамды түздү, 2022-жылы менен салыштырмалуу 380 адамга өсүүдө, себеби жумуш орундарынын азыдыгы, азык -тулуктөрдүн баасы жогоруулганы, 2027 жылга чейин дагы өсүш жогорулашы мүмкүн.*

*Көйгөйлөр:*

- *Жумуш орундарынын жоктугу*
- *Үлүш жерлерини аздыгы, 1 кишиге 3 сотоктон болгону*
- *Билим деңгелинин төмөндүгү*
- *Кымбатчылык*
- *Турак жай салууга жердин жетишпестиги*
- *Ыссырапчылык көбөюдөө*

*Корунтунду:*

*Жакырчылыкты миграцияны кыскартуу максатында жергиликтүү калктын ишкерликти өнүктүүгө дараметин жогоруулатуу жана иш менен камсыз кылуу багытында иш алып барылат.*

**3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА**

**3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| Категория | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 23 | 29 | 39 | 44 | 50 | *60* | *85* |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 10 | 16 | 16 | 80 | 85 | *90* | *95* |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 5 | 10 | 17 | 23 | 30 | *40* | *60* |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 25 | 39 | 59 | 80 | 85 | *89* | *95* |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 1100 | 1250 | 1310 | 1350 | 1355 | *1400* | *1450* |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 146 | 156 | 169 | 186 | 200 | *215* | *240* |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 8 | 9 | 11 | 12 | 60 | *69* | *80* |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 18 | 18 | 19 | 19 | 92 | *94* | *97* |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 45 | 50 | 50 | 55 | 62 | *70* | *76* |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | 15 | *15* | *16* | *16* | *16* | *18* | *20* |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | |

**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

***Таза Суу:***

Т.Зулпуев айыл аймагынын инфраструктуралык көйгөйлөрү жана өнүктүрүү пландары

Т.Зулпуев айыл аймагына он бир айыл кирет: Караке, Айбек, Кашкалдак, Атамерек, Калдай, Жатан, Үч-Бай, Өсөр, Ак-Чабуу,Таштак, Алмалык айылдарына таза суу чыгарылып калктын ичүүчү сууга жеткиликтүүлүгү 44% түзөт.

Алмалык, Ак-Чабуу,Үч-Бай айылдарына таза суу системасы тартыла элек. Ичүүчү сууну Ак-Чабуу айылына таза суу түтүктөрү коюлган эмес,азыркы убакта дарыядан ичишет. Жаз, жай мезгилдеринде суу ташкындоолору болгондуктан сууну ичүүгө мүмкүн эмес болууда. Ошол мезгилде сууну 1-3км алыстагы булактардан ташып келишет.Алмалык айылы ташып келип пайдаланышат. Үч-Бай айылында бүгүнкү күндө таза суу түтүктөрүн орнотуу боюнча иштер жүрүүдө, жакын арада таза менен камсыз болушат.Алмалык айылына таза суу түтүктөрүн киргизүү боюнча долбоорун ишке ашыруу пландалууда. Калктын 29% таза суу жетишсиз айылдар болуп саналат. 2027-жылга калкты таза суу менен 85 % камсыз кылуу пландалууда.

**Корутунду:**

2027-жылга чейин таза суу менен камсыздоо 85% жеткирүү. Бул багытта каржылоо булактарды издөө, долбоордук сметалык документтерди даярдоо, тарифтерин бекитүүнү калк менен макулдашып коомдук угуу өткөрүү, монополия менен макулдашуу, жергиликтүү кеңештин депутаттарына сунуштап бекитип берүү иштери жүргүзүлөт.

**Катуу калдыктарды чыгаруу маселеси**

**Учурдагы абал.**

1.Учурда таштандыны ташуу чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүлгөн.Таштандыларды ташуучу техника бар айыл тургундарынын таштандыларын ташып чыгат график менен алынып чыгарылат.Таштанды таштоочу жай азыркы учурда талапка жооп берет.

Айыл чарбаларын катуу калдыктарды чыгаруу менен камсыздоо 2024-жылга карата 75-80 % деңгээлинде аткарылууда.

**Жогорку деңгээлге жетүүгө тоскоол болгон көйгөйлөр:**

- Жумушчулардын жетишсиздиги жана эмгек акынын төмөндүгү;
- Таштанды контейнерлеринин аздыгы;
- Таштандыларды туура сорттобой, свалкалардын башкарылбаган баш аламандыкка алып келиши;
- Таштандыны кайра иштетүүчү жабдуулардын жоктугу;

**Корутунду:**

2027 –жылга чейин калдыктарды чыгаруу кызматын 95% жеткируу максат коюлду жана таштандыларды өз убагында чыгаруу, айылдын тазалыгын камсыз кылуу максатында бардык көчөлөрдү контейнерлер менен камсыздоо зарыл.Айылдардын аралыгынын алсытыгы.

**Ички жолдордун абалы**

Аймактын ички жолдорунун жалпы узундугу 122 км, анын 20% ы гана асфальтталган (2024-ж.).Караке, Атамерек, Калдай, Жатан, Үч-Бай, Өсөр, Ак-Чабуу,Таштак, Алмалык айылдарында жолдордун абалы начар. Тротуарлардын жоктугу жөө жүргүнчүлөргө, анын ичинде мектеп окуучуларына жана жаш балдарга коркунуч жаратат. Жол белгилери жетишсиз. Алдыдагы

жылдарда жолго асфальт, шагыл төшөө пландалууда.

Айыл ичиндеги ички көчөлөрдөгү арыктардагы трубаларды жаңылоо толуктап коюу.Айылдардын көчөлөрүнө заманбап тратуарларды салуу.

**Корутунду:**

2025-жылдан 2027-жылга чейин ички жолдорго 30 км чакырымга шагыл төшөлөт. Көчөлөрдөгү арыктардагы трубалар жаныланат.

**Жарыктандыруу.**

Баардык айылдарда жарыктандыруу колго алынган. 60% түзөт жакынкы үч жыл ичинде калган кичинекей көчөөлоргө 90 %жарыктандыруу толук кандуу ишке ашырылат.

**Көйгөйлөр.**

Жаңы конуштардын ички жолдорун жарыктандыруу жетишсиз

**Кортунду**.

Баардык айылдарда жарыктандырууну колго алып 13% кошуп 100% толук кандуу жетүү

**Дене тарбия жана спорт көйгөйлөрү**

**Бугунку абалы:** Кашкалдак айылында кичи футбол аянтчасы курулуп ишке бирилген.

**Койгойлор:**

Кенже курактагы балдар ойноо аянтчасын куруу.

Аларга заманбап шарттарды түзүү зарыл.

Аймакта спорт жабдуулары жетишсиз, ошондой эле аялдарга арналган фитнес-клубдар же ден-соолук чыңдоочу жайлар жок. Бул көйгөйлөрдү чечүү максатында:

Калктын маданий деңгээлин жогорулатуу жана бош убактысын туура пайдаланууга шарт түзүү;

Балдар арасында көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү;

Жаштарды жана кыздарды сергек жашоого үндөө;

**Муниципалдык ишканалар**

Бүгүнкү күндө айыл өкмөтүнүн алдында “Кыркол-Таза Суу” бир муниципалдык ишкана иштейт: жайыт пайдалануучулар бирикмеси, ичүүчү суу жана таштанды чыгаруу ,сугат суукызматтарын көрсөтөт. Көп функционалдуу бир муниципалдык ишкана түзүлгөн. Бул калкка кызмат көрсөтүүнү жакшыртууга жардам берет.

**3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| Суу системасын киргизүүгө жерлерди аныктоо жана бөлдүрүү | Суу системасын киргизүүгө жерлерди аныктоо жана бөлдүрүү иштери жүргүзүлөт | 3276 адам таза суу менен камсыз болду. Анын ичинен аялдар 1609 |

| | | |
|---|---|---|
| Сууну лабораториялык текшерүүдөн өткөрүү | Сууну лабораториялык текшерүүдөн өткөрүлөт | Айыл эли таза суу менен камсыз болот |
| Долбоордук сметалык документтерди даярдоо | Долбоордук сметалык документтерди даярдалып тендерге берилет | Долбоор ишке ашат |
| Долбоор менен дем берүүчү грантка, фонддорго кайрылуу | Долбоор менен дем берүүчү грантка, фонддорго кайрылуу | Долбоор менен дем берүүчү грантка, фонддорго кайрылып алар менен чогуу иш алып баруу |
| Мусор полигондорду куруу | 12 айылда таштанды тазаланат | 12 айылда таштанды тазаланат |
| Айылдарга мусор чогултуу үчүн контейнерлерди орнотуу | 12 айылда 4 урнадан, бардыгы 48 урна орнотулат | 12 айылда 4 урнадан, бардыгы 48 урна орнотулат |
| Мусор чыгаруу үчүн техникалар менен камсыз кылуу | Айылдардагы мусорлор өз убагында тазаланат | Айылдардагы мусорлор өз убагында тазаланат |
| Ички жолдорго шагыл төшөө | 25км жолго шагыл төшөлөт | 25км жолго шагыл төшөлөт. |
| Караке айылындагы социалдык обьектке баруучу жолду асфальттоо 1 км.<br>Айбек айылындагы Күнгөй көчөсү, А. Султанов көчөсү 3 км аралык.<br>Кашкалдак айылынын С. Чалаев, Бакыт көчөсү Г. Султанов көчөлөрү 2 км аралык<br>Чүчүк айылындагы Т. Ормонов көчөсү 3 км аралык. | Айыл элине ыңгайлуу шарттар түзүлөт | Айылдардагы жолдор асфальтталат |
| Атамерек айылындагы Б. Байымбетов көчөсүн асфальттоо 2 км аралык.<br>Таштак айылындагы Каримжан ажы, Ярмат ажы көчөлөрүн асфальттоо 1 км аралык<br>Калдай айылындагы Б. Бобулов көчөсүн асфальттоо 1,5 км аралык | Айыл элине ыңгайлуу шарттар түзүлөт | Айылдардагы жолдор асфальтталат |
| Ч.Мырзаматов көчөсүн 1 км | 25км жолго шагыл | 25км жолго шагыл төшөлөт. |

| | | |
|---|---|---|
| аралыкты асфальттоо. | төшөлөт | |
| Жатан айылына балдар бакчасын куруу боюнча долбоор даярдоо | Жатан айылынын жаштары тарабынан проект даярдалат жана фондторго сунушталат. | Заманбап балдар бакчасы курулат |
| Үч-Бай айылына балдар бакчасын курууга долбоор даярдоо | Үч-Бай айылынын жаштары тарабынан проект даярдалат жана фондторго сунушталат | Заманбап балдар бакчасы курулат |
| Ак-Чабуу айылына таза суу киргизүү. | Ак-Чабуу айылынын жаштары тарабынан проект даярдалат жана фондторго сунушталат | Ак-Чабуу эли 90 % таза суу менен камсыз болот |
| Осор айылына бала бакча куруу | Өсөр айылынын жаштары тарабынан проект даярдалат жана фондторго сунушталат | Заманбап балдар бакчасы курулат |
| Айбек айылына бала бакча куруу | Айбек айылынын эли тарабынан проект даярдалат жана фонддорго сунушталат | Заманбап балдар бакчасы курулат |
| “Үч-Бай” ,“Калдай”,М.Нурматов, “Айбек”, Б.Абдиев орто мектептеринин жолдорун асфальттоо. | “Үч-Бай” ,“Калдай”,М.Нурматов, “Айбек”, Б.Абдиев орто мектептеринин жолдоруна асфальт төшөлүп, окуучуларга ыңгайлуу шарттар түзүлөт. | “Үч-Бай” ,“Калдай”,М.Нурматов, “Айбек”, Б.Абдиев орто мектептеринин жолдоруна асфальт төшөлүп, окуучуларга ыңгайлуу шарттар түзүлөт. |
| Кашкалдак-Барын жолуна тротуар куруу | Кашкалдак-Барын **ай**ылдарынын көчөлөрүнө тратуар салынып, тургундардын жолдо жүрүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүлөт. | Кашкалдак-Барын **ай**ылдарынын көчөлөрүнө тратуар салынып, тургундардын жолдо жүрүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүлөт. |
| Үч-Бай айылына балдар бакчасын куруу | Үч-Бай айылынын жаштары тарабынан проект даярдалат жана фондторго сунушталат | Заманбап балдар бакчасы ишке кирет |
| Б.Атишев атындагы орто | Б.Атишев атындагы | Окуучуларга ыңгайлуу шарттар |

| | | |
|---|---|---|
| мектебинин сырткы фасадын жана эшиктерин жаңылоо (түрткү берүүчү гранттын эсебинен) | орто мектебинин сырткы фасадын жана эшиктерин жаңыланат түрткү берүүчү гранттын эсебинен жаныланат | түзүлөт |
| Маданият үйүн капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү. (түрткү берүүчү гранттын эсебинен) | Маданият үйү капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүлөт түрткү берүүчү гранттын эсебинен каржыланат | Маданият үйү ишке кирет |
| “Кылым паркы”скверин куруу | “Кылым паркы”сквери курулат | “Кылым Паркы” сквери пайдаланууга берилет |
| Таштак айылына суу резервуар (скважина) куруу | Таштак айылына суу резервуары (скважина) курулат | Айыл эли таза суу менен камсыз болот |
| Айыл өкмөтүнүн имаратынын чатырын, сырткы фасадын жаңылоо, суу түтүгүн орнотуу | Айыл өкмөтүнүн имаратынын чатырын, сырткы фасадын жаңыланат, суу түтүгү орнотулуп, кызматкерлеге ыңгайлуу шарттарды түзүлөт | Айыл өкмөттүн имаратына ыңгайлуу шарттар түзүлөт |
| Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 100 жылдыгын уюштуруу | Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 100 жылдыгын уюштуруунун алкагында , айыл өкмөттө арка, парктар, аялдамалар курулат | Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 100 жылдыгын уюштуруунун алкагында , айыл өкмөттө арка, парктар, аялдамалар курулат |

**3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү**

| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы** (миң сом) |
|---|---|---|---|
| Ак-Чабуу, Үч-Бай, Өсөр айылдарына таза суу трассасын тартуу. | Ак-Чабуу, Үч-Бай,Өсөр айылдарына таза суу трассасы тартылат. | 2024-2027-жыл | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Тургундар таза суу менен камсыз болот, суунун чыгышы үзгүлтүккө учурабайт, калктын ден соолугу жакшырат. | | |
| Жаңы конуштарга таза сууну жеткирүү. | Жаңы конуштагы көчөлөргө суу трассалары тартылып, аяр катмарлар таза суу менен камсыз болот. | 2024-2027-жыл | |
| Айыл аймагынын тургундарынын үйүнө таза суу алып кирген бардык түтүнгө водомер орнотуу. | Таза суу алып кирген бардык түтүнгө водомер орнотулат, Таза сууну үнөмдүү пайланууга шарт түзүлөт, жана акча каражаты канча төлөөрү так көрсөтүлөт. | 2024-2027-жыл | |
| Калк арасында, анын ичинде аялдардын, жаштардын, аяр катмарлардын катышуусунда төлөмдөрдү өз убагында төлөө боюнча чогулуштарды өткөрүү | Айылда 1 жолу суу төлөмдөрүн өз убагында төлөө боюнча чогулуш өткөрүлүп төлөмдөр өз убагында жүргүзүлөт. Жылына катышуучулардын саны 50 дөн кем эмес, анын ичинен 30% аялдар, 20% жаштар, 10% аяр катмарлар түзөт. | 2024-2027-жыл | |
| Айыл өкмөтүнүн айылдарынын борбордук көчөлөрүнө таштанды төгүүчү урналарды орнотуу. | Айыл өкмөтүнүн айылдарынын борбордук көчөлөрүнө таштанды төгүүчү урналар орнотулат. | 2024-2024-жыл | |
| Таштанды иштетүүчү кичи жабдыктарды сатып алуу | Таштандылар кайрадан иштетилип чыгат.Экологияга зыяны тийбейт. | 2024-2027-жыл | |
| Калк менен келишимдерди түзүү. | Калк менен келишимдер түзүлүп тарифтердин чогулушу 2 эсеге | 2024-2027-жыл | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | көбөйөт. | | |
| БАРДЫГЫ | | | |

## 4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

**4.1. (таблица) Экономикалык өнүгүү** (миң сом)

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Негизги фонддор (юридикалык жактар боюнча, үй чарба секторун эсепке албаганда)- (жылдын аягына карата толук наркы боюнча) | - | - | - | - | - | - | - |
| Экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү көлөмү: | 22000,0 | 27000,0 | 35600,0 | 41713,0 | 37698,0 | 37753,0 | 37845,0 |
| Айыл чарба | 2700,0 | 2770,0 | 2850,0 | 3100,0 | 3250,0 | 3400,0 | 3700,0 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 1400,0 | 1500,0 | 1530,0 | 1640,0 | 1700,0 | 1760,0 | 1900,0 |
| Мал чарбачылыгы | 1300,0 | 1270,0 | 1320,0 | 1460,0 | 1550,0 | 1640,0 | 1800,0 |
| Юридикалык жактардын өнөр жай продукциясынын көлөмү | - | - | - | - | - | - | - |
| Өнөр жай кызматтары | 10,0 | 10,5 | 11,0 | 11,7 | 12,3 | 12,9 | 13,5 |
| Жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү | - | 10,5 | 11,0 | 11,7 | 12,3 | 12,9 | 13,5 |
| Курулуш - негизги капиталга колдонулган инвестициялар - ар кандай объектилер боюнча жалпы суммада | 30,0 | 102,0 | 108,0 | 402,0 | 200,0 | 250,0 | 250,0 |
| Экономикалык иштин түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү | 280,0 | 340,0 | 400,0 | 450,0 | 500,0 | 540,0 | 580,0 |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 230,0 | 280,0 | 325,0 | 350,0 | 385,0 | 410,0 | 430,0 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын иши | - | - | - | - | - | - | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Транспорттук иш-чаралар жана жүктөрдү сактоо | 10,0 | 10,0 | 20,0 | 40,0 | 50,0 | 60,0 | 70,0 |
| Маалымат жана байланыш | 40,0 | 50,0 | 55,0 | 60,0 | 65,0 | 70,0 | 80,0 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | - | - | - | - | - | - | - |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 550,0 | 700,0 | 900,0 | 1300,0 | 1350,0 | 1400,0 | 1450,0 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк | - | - | - | - | - | - | - |
| Административдик жана көмөкчү иш-чаралар | 500,0 | 640,0 | 800,0 | 900,0 | 950,0 | 1000,0 | 1050,0 |
| Билим берүү | | | | | | | |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар | 200,0 | 250,0 | 58000,0 | 5000,0 | 7000,0 | 8000,0 | 10000,0 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | - | - | - | - | - | - | - |
| Башка тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү | 50,0 | 60,0 | 65,0 | 70,0 | 73,0 | 78,0 | 80,0 |
| Түз инвестициялар | 4000,0 | 10000,0 | 15000,0 | 20000,0 | 22000,0 | 23000,0 | 23500,0 |
| Айыл чарба | 1500,0 | | 470,0 | | 403,3 | 1733,3 | 1933,3 |
| Өнөр жай | - | - | - | - | - | - | - |
| Курулуш | - | - | - | - | 46400,0 | 40800,0 | 8000,0 |
| Соода | - | - | - | - | - | 500,0 | - |
| Транспорт жана байланыш | 3100,0 | 600,0 | 6861,0 | 4500,0 | 16666,6 | 50416,6 | 16666,6 |
| Башка кызматтар | 7 221,1 | 7 933,8 | 183453,9 | 22116,3 | 26449,9 | 18450,0 | - |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | - | - | - |
| Калктын кирешеси: | 16301,55 | 125251,2 | 137381,72 | 140249,3 | 142154,2 | 143270,8 | 144113,3 |
